Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу Д 10.23.667 диссертациялык кеңештин эксперти, филология кандидаты, доцент **Сыдыков Назир Сыдыкович** 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин "**Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары**" деген темадагы кандидаттык диссертациясына

## КОРУТУНДУ

Эксперт изденүүчү Ажыбаев Артур Шарапидинович тарабынан даярдалган "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары" деген темадагы кандидаттык диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй чечимге келди:

**1. Диссертациялык кенешке диссертацияларды коргоого кабыл алуу укугу берилген адистикке иштин дал келиши.**

Сунуш кылынган кандидаттык диссертациялык иш диссертациялык кеңештин профилине туура келет.

Иштин мазмуну жана илимий-теориялык деңгээли 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен жооп берүүчү проблемалар орун алган.

**2. Иштин максаты катары** диссертант кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын талдоого алган. Эпистолярдык форманын генезисин, эволюциясын орус жана дүйнөлүк адабияттын мисалында анализдеп, анын кыргыз адабиятындагы башат-булактарын элдик оозеки чыгармачылыктын, таш жазма эстеликтеринин, жазгыч акындар чыгармачылыгынын мисалдарына талдоо жүргүзүү менен ачып берүүгө аракет кылган.

**Коюлган максат диссертацияда төмөндөгү милдеттерди аткаруу менен чечилген:**

1. Эпистолярдык форманын изилдениш тарыхына байланыштуу эмгектерди анализдөө;
2. Эпистолярдык форманын жанрдык аныктамаларын, жеке өзүнө таандык белгилерин, түрлөрүн жана өнүгүү эволюциясын талдоого алуу;
3. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын генезисин, өнүгүү багыттарын талдоого алуу;
4. Жеке адабий каттардын спецификасын, өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;
5. Кыргыз адабиятынын поэзия, проза жанрындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденцияларын талдоого алуу;

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 34/04-8
«21» мая 2024 г.

6. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын функцияларын анализдөө.

**Коюлган милдеттерге (милдеттерге жетүүнүн этаптары, каражаттары жана ыкмалары ж.б.у.с.) ылайык максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн баалоо:**

Диссертант өз максатына жетүү үчүн изилдөөнүн башатын антикалык доордогу каттардын табиятын ачып берүүдөн баштаган. Иштин темасы – актуалдуу, изилдөөнүн объектиси – көркөм чыгармачылыктагы каттардын, калемгерлердин жеке каттарын анализдөөгө арналган. Диссертацияда тарыхый, салыштырма, салыштырма-типологиялык, аналитикалык методдор ыктуу колдонулган.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин диссертациянын максатына жана милдеттерине ылайык келиши:**

Диссертацияда кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын табиятын ачып берүү үчүн анын башат-булактары "Манас" эпосу баштаган эпикалык туундулардан, Жусуп Баласагындын "Кут алчу билиминен", Орхон-Енисей жазма эстеликтериндеги Култегинге арналган эстеликтен жана жазгыч акындардан Казыбек казалчы менен Молдо Багыштын чыгармалары изилдөөнүн объектиси катары тартылып, негизги көңүл кыргыз профессионал жазма адабиятындагы аталган форманын өнүгүү тенденцияларына бурулган. Диссертациядагы изилдөө – эволюциялык жол менен аткарылып, улуттук адабияттын алгачкы жылдарындагы чыгармалардан тартып, 1920-30-жылдардагы, Улуу Ата мекендик согуш мезгилиндеги жана андан кийинки адабияттын өнүгүү этаптардагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү келтирилет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине (заманбап аппараттарды колдонуу, лабораториялардын сертификаттарынын адекваттуу статистикалык иштеп чыгуулардын болушу), ар бир милдети боюнча ылайык келиши:**

Изилдөөчү кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын колдонулуш өзгөчөлүктөрүн салыштыруу жолу менен ачып берүүгө аракет жасап, жанрдык табиятын, спецификалуу белгилерин, өзгөчөлүктөрүн, алты пункттан турган милдеттерди ар түрдүү ыкмалардын жардамы менен анализдеп, тиешелүү тыянактарды чыгарууга аракет жасайт. Демек, диссертанттын изилдөө ыкмалары изилдөөнүн милдеттерине толугу менен дал келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:**

Чынында, бул тема – актуалдуу. Буга чейин кыргыз адабиятындагы каттардын табиятын ирээтке келтирип, анын аткарган функциялары жөнүндө изилдөөлөр аткарыла элек болчу. Диссертант бул жанрдын табиятын, ага мүнөздүү белгилерин, өзгөчөлүктөрүн орус жана башка адабияттарга салыштыруу жолу менен анализдейт. Эпистолярдык форманын жанр катары бөтөнчөлүктөрүн ачып көрсөтүүгө далалат жасайт. Анткени, кыргыз адабиятында каттардын теориялык жагдай-шарттары тууралуу изилдөөлөр сейрек. Кээ бир адабиятчылардын изилдөөлөрүндө гана учкай токтолуп кеткен

учурлары бар. Диссертанттын эмгеги кыргыз адабиятындагы бул темага арналган биринчи илимий иш катары актуалдуулугу жогору.

**Диссертацияда коюлган милдеттердин ар бирин чечүү зарылдыгын негиздөөдө илимий адабияттардагы маалыматтарга сынчыл анализ жүргүзүүнүн даражасы жана толуктугу:**

Изилдөөчү А.Ажыбаев бул темага байланыштуу чет элдик окумуштуулардын, орус жана казак изилдөөчүлөрүнүн эмгектерине таянат. Кыргыз адабиятчылары К.Артыкбаев, К.Асаналиев, С.Жигитов, А.Акматалиев, Л.Үкүбаева, О.Ибраимов, С.Тиллебаев ж.б. эмгектериндеги эпистолярдык формага байланыштуу маалыматтарды теориялык булак катары сууруп чыгат.

**Илимий натыйжалар**.

Диссертацияда кыргыз адабияты маанилүү болгон төмөнкүдөй жаңы теориялык натыйжалар келтирилген:

- Кыргыз адабиятында кат формасы элдик оозеки чыгармачылыктан башат алып, анын көлөмдүү жана кенже эпосторунда, жазма адабий мурастарында, акындар чыгармачылыгында орун алган;
- Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма ыр түрүндөгү чыгармаларда кеңири колдонул, лирикалык кайрылуу жанрынын өнүгүшүнө түрткү берген.
- Кыргыз адабий прозасында эпистолярдык форма аңгеме, повесть, роман сыяктуу көлөмдүү жанрларында ар тараптуу максатты аркалоо үчүн колдонулган;
- Кыргыз акын-жазуучулары адабий каттардын мүмкүнчүлүгүн кеңири пайдаланышкан. Анда акындардын жан-дүйнөсү, ар түрдүү адабий фактылар, калемгерлерге таасир тийгизген жагдай-шарттар камтылып жатат;
- Диссертант иштин мазмунуна дал келген иликтөө ыкмаларын колдонууга аракет жасайт. Ошондуктан, бул диссертация кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманы алгач ирет талдоого алган иш катары колдоого татыйт. Демек, диссертациядагы алынган **тыянактар өз алдынчалыкка ээ жана аларды жаңы деп эсептөөгө болот**.

Диссертацияда кыргыз адабият таануу илими үчүн орчундуу мааниге ээ болгон төмөнкүдөй белгилер бар:

1. Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форма жанр катары да, көркөм ыкма катары да түрдүү милдеттерди аткаруу жагдайын ачып көрсөтүү аракети көрүлгөн;
2. Диссертациядагы келтириген жыйынтыктарды жаңы деп баалоого болот;
3. Илимий иштин тыянактары төл адабият үчүн маанилүү;
4. Диссертация адабият таануу багыттарына толугу менен туура келет;
5. Илимий иштин жыйынтыктарын адабиятта кеңири колдонууга болот.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациянын жыйынтыктары жогорку окуу жайларында, орто

мектептерде адабият сабагын окутууда, адабий курстарды уюштурууда, курстук жана квалификациялык иштерди жаздырууда колдонууга болот. Филология багытындагы изденүүчүлөргө, аспиранттарга жана окумуштуу-методисттерге илимий-теориялык материал катары кызмат кылат. ЖОЖдордогу "Кыргыз адабияты" курстары боюнча лекция, семинардык сабактарды өтүүдө көмөкчү материал катары пайдаланууга болот.

**Диссертациянын материалдары төмөнкү документтерде, материалдарда жана иштелмелерде колдонулган.**

1. **Ажыбаев, А.Ш.** "Эрксиз күндөрдөгү" эпистола" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев// КРУИАнын Кабарлары, 2022. – №2. –122-126-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49772351
2. **Ажыбаев, А.Ш.** "Б.Сарногоевдин чыгармачылыгындагы эпистолярдык форманын орду" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // КР УИА нын Кабарлары, 2022-жыл, № 2.– 34-38-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=50178715
3. **Ажыбаев, А.Ш.** "Улуу Ата Мекендик согуш мезгилиндеги эпистолярдык форманын кыргыз адабиятындагы колдонулуш өзгөчөлүктөрү" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев// КР УИА нын Кабарлары, 2023-жыл, № 2. – 103-109-б. https: // www. elibrary. ru/item. asp?id=53699886
4. **Ажыбаев, А.Ш.** "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын башат-булактары" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // БГУ жарчысы, 2023. - №2(64). – 55-159-б. Vestnik_bgu@mail.ru
5. **Ажыбаев, А.Ш.** "Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын типтери" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // Б.Осмонов атындагы ЖАГУнун Жарчысы 2023. - №3.
6. **Ажыбаев, А.Ш.** "Кыргыз адабиятынын проза жанрындагы эпистолярдык форма" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев //«Alatoo Academic Studies» 2023. - №3,–191-204-б. https://aas.alatoo.edu.kg/
7. **Ажыбаев, А.Ш.** "Генезис эпистолярной формы" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // «Международный журнал гуманитарных и естественных наук» № 9-2 (84) сентябрь 2023. https://cyberleninka.ru/article/n/genezis-epistolyarnoy-formy
8. **Ажыбаев, А.Ш.** "Эпистолярная форма в творчестве Ч.Айтматова" [Текст] / А.Ш.Ажыбаев // «Международный журнал гуманитарных и естественных наук» № 1-3 (88) январь 2024. https://cyberleninka.ru/article/n/genezis-epistolyarnoy-formy

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши;**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине шайкеш келет.

**Айрым мүчүлүштүктөр.**

Биринчи бапта анализге алынган илимий-теориялык материалдар өтө көп.

Экинчи бөлүмүндөгү адабий каттар тууралуу бөлүмгө мурда жарык көрбөгөн акын-жазуучулардын каттарынан келтирүүгө болот.

Үчүнчү бапка айрым калемгерлердин чыгармаларынан мисалдарды келтирип, анализдөөгө болот.

Бирок бул мүчүлүштүктөр иштин жалпы мазмунуна өз кедергисин тийгизбейт. Иш жыйнактуу, системалуу жазылган. Диссертант өз көздөгөн максат-милдеттерине жеткен. Демек, диссертация талапка жооп берет жана аны жактоого сунуш кылса болот.

**Сунуштар:**

- Биринчи баптагы кээ бир теориялык маалыматтар ашыкчадай сезилет, аларды кыскартып койсо болот;
- Экинчи бөлүмдө кыргыз адабиятындагы каттардын классификациясын сунуштаса жакшы болмок.
- Жаш акын-жазуучулардын чыгармалардагы каттарды карап чыгып, айрымдарын киргизүүнү сунуш кылам.

Диссертациялык иштин теориялык бөлүгүн бекемдөө максатында төмөнкү адабияттар менен таанышып чыгууну сунуш кылам:

1. Кожеко А.В. Эпистолярные жанры: традиционные и современные формы // Современные проблемы науки и образования. – 2015. – № 2; URL: http://www.science-education.ru/131-23775 (дата обращения: 03.02.2024).
2. Логунова Н.В. Жанр эпистолярной литературы в русской прозе второй половины ХУ111 в.//Вопросы поэтики художественного творчества. Ростов н/Д: Изд-во РГПУ, 1997.

***Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди даярдоо жөнүндө сунуштун негиздүүлүгү.***

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы бул кандидаттык диссертация боюнча жетектөөчү уюм катары 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча илимий кадрлары бар И.Арабаев атындагы КМУнун “Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары” кафедрасын бекитүүнү сунуш кылат.

Биринчи расмий оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: ф.и.д., профессор С. Искендерованы (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылам.

Профессор С. Искендерованын илимий эмгектери:

[Искендерова С. XX кылымга чейинки кыргыз кол жазма адабияты менен фольклорунун айрым маселелери. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, –2005.

[Искендерова С. Фольклордук поэтика жана жазма адабият. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, 2015, –274 б.]

[Искендерова С. Жеке чыгармачылык менен көркөм мурастын айкалышы. [Текст] / С.И.Искендерова. – Бишкек, - Б., 2010. - 275 б.]

Экинчи расмий оппонент катары изилдөөнүн проблемасына жакын эмгектери бар: – филология илимдеринин кандидаты Нурзат Казакованы (автореферат боюнча шифры 10.01.01) сунуш кылам.

**Нурзат Казакованын илимий эмгектери:**

[Казакова Н. XIX кылымдагы кыргыз адабиятын окутуудагы көйгөйлүү жагдайлар [Текст] / Н Казакова. – Вестник Бишкекского гуманитарного университета, 2015.
[Казакова Н. XIX век: киргизские литераторы, изданные в Уфе и Казани [Текст] / Н. Казакова. – Международный журнал экспериментального образования, – 2017. [Электронный ресурс] / Режим доступа: https://s.expeducation.ru/pdf/2017/2017_3_2.pdf#page=46]
[Казакова Н. Жеңилбес рух, күчтүү эрк (Ч. Айтматовдун" Деңиз бойлой жорткон Ала-Дөбөт" жана Э. Хемингуэйдин" Чал жана деңиз" чыгармаларынын мисалында). [Текст] / Н Казакова. –Alatoo Academic Studies 7 (2), 44-51]

**Сунуштамалар:**

Диссертациянын кеңейтилген вариантынын өзүнчө монография катары жарык көрүшү максатка ылайыктуу.

**Корутунду:**

Диссертациянын материалдары жетиштүү. Тема толук ачылган. Иштин актуалдуулугу жана жаңылыгында сөз жок. Диссертант Артур Ажыбаев бул диссертациясында теманы жетиштүү талдоодон өткөргөн. Иштеги жеке көз караштары, ой-пикирлери орундуу. Иштин илимий-теориялык деңгээли жакшы, илимий аппараты кенен, практикалык мааниси бар. Диссертацияны кыргыз адабият таануу илимине кошулган алгылыктуу салым деп эсептесе болот.

**Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылган документтерди карап чыгып,** КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо үчүн түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешине 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **Ажыбаев Артур Шарапидиновичтин “Кыргыз адабиятындагы эпистолярдык форманын өнүгүү тенденциялары”** деген темадагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууну сунуш кыламын.

**Эксперт, филология илимдеринин кандидаты, доцент** **Сыдыков Н.**

**17. 05. 2024.**

***Эксперттик топтун мүчөсүнүн колун тастыктаймын***

**Д 10.23.667 Диссертациялык кеңешинин окумуштуу катчысы, ф.и.к.** **Н.Ыйсаева**